КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
КОЧКОР
АЙМАКТЫК ШАЙЛОО
КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КОЧКОРСКАЯ
ТЕРРИТОРИАЛЬННАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

722800. Кочкор айылы, Исакеев көчөсү 41
E-mail: adm22@shailoo.gov.kg
Тел: (0-3535) 5-11-77

722800. село Кочкор, ул. Исакеева 41
E-mail: adm22@shailoo.gov.kg
Тел: (0-3535) 5-11-77

**Кочкор аймактык шайлоо комиссиясынын**

**ЧЕЧИМИ № 37**

12.04.2021-ж.г. Кочкор айылы

**Кочкор аймактык шайлоо комиссиясынын №4131 участкалык шайлоо комиссиясында "Клооп Медиа" коомдук фондунун даттануусу жөнүндө .**

"Клооп Медиа" коомдук фондунун даттануусунда Кочкор районунун Ак-Кыя айыл аймагынын Кара-Суу айылындагы №4131 участкалык шайлоо комиссиясында 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Кыргыз Республикасынын башкаруу формасын аныктоо боюнча Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүгө) жана жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоосунда шайлоо күнү запастык автоматтык эсептөөчү урна жок деп билдирген.

Кочкор аймактык шайлоо комиссиясы бул жагдайды карап чыгып төмөндөгүлөрдү белгилейт. № 4131 шайлоо участкасында шайлоого чейин автоматтык эсептөөчү урналар жеткирилип, бул жабдуулар иштетилип, текшерилип, тестирлөөдөн өткөн. Тестирлөө учурунда эч кандай бузуулар аныкталган эмес. Шайлоо күнү автоматтык эсептөөчү урналарлар тоскоолдугу жок иштетилген. Бул участкага атайын техникалык колдоо адиси бекитилип, автоматтык эсептөөчү урналар үзгүлтүксүз иштешин кезеги менен барып карап турган. №4131 участкалык шайлоо комиссиясы Кочкор аймактык шайлоо комиссиясына жакын болгондугун эсепке алып бул участкага запастык жабдуу берилген эмес. Запастык АЭУлар Кочкор аймактык шайлоо комиссиясында болуп турган.

Жогорудагылары карап чыгып жана талкуулап, Кочкор аймактык шайлоо комиссиясы

**Ч Е Ч И М  К Ы Л А Т:**

1. "Клооп-Медиа" коомдук фондунун №4131 шайлоо участогундагы даттануусу канаатандыруудан баш тартылсын.
2. Ушул чечим Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.
3. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдө жагы Кочкор аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Т. Эсеналиевге тапшырылсын.

**Кочкор аймактык шайлоо**
**комиссиясынын төрагасы:-** ____________ **Т.Тилемишов**